***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-май*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2023**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2023-жылдын январь-май айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2023-жылдын 14-июну.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор………………………………………………………** | 6 |
| | Өнөр жайы…………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **V** | **Мамлекеттик сектор….……………………………………………** | 12 |
| | Финансы……………………………………………………………… | 12 |
| | Ишканалардын финансысы........................................................... | 12 |
| **VI** | **Социалдык сектор…………………………………………………..** | 13 |
| | Калктын оорулары......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме………………………………………………………………** | 14 |

# ОБЛУСТУН 2023- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-МАЙ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2023-жылдын январь-май айларында 1983915,0 сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 133,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, анчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2023-жылдын январьмай айларында 4202,5 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 94,4 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 979106,6 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 148,4 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 37939,0 чарчы метр болгон 327 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-май айларынын денгээлине салыштырмалуу 138,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 567817,1 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 530,5 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,8 пайызга барабар болду. Жүргунчүлөрдү ташуунун көлөмү 93739,8 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,7 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-май айларында 9786377,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-май айынын денгээлинен 8,2 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2023-жылдын январь-май айларында 8381744,4 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2022-жылдын январь-май айларынын деңгээлинен 0,1 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-май айларында 1404632,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,8 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-май айларын 2022-жылдын январь-май айларына салыштырганда 113,3 пайызды, ал эми ушул жылдын май айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,9 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 25326,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 22,8 пайызга, 2023-жылдын январь-апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 24851,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 49,5 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-май айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериалуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, вирустуу гепатит А түрү, жаныбарлардын тиштеп алуусу, бруцеллез, инфекциялык ВИЧ., кургак учук жана респиративдүү ооруларынын өскөндүгү байкалат Ал эми бактериалуу дизентерия, эпидемиялык паротит, эхинококкоз, аскаридоз, гонорея, котур ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү..

# II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2023 ж. январь-май айларында | 2023ж май айы 2022ж май айына карата пайыз менен | 2023-жылдын январь-май айлары 2022-жылдын январь-май айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1983915,0 | 166,7 | 133,9 |
| Айыл чарба, анчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 4202,5 | 94,8 | 94,4 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 979106,6 | 155,2 | 148,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 37939,0 | 210,1 | 138,5 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 530,5 | 101,9 | 101,8 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 93739,8 | 100,9 | 101,7 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 9786377,2 | 114,2 | 108,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 8381744,4 | 115,0 | 100,1 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1404632,8 | 110,0 | 107,8 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 24851,0 [1)] | 122,8[2)] | 149,5[3)] |

1) 2023ж. январь-апрель
2) 2023ж. апрель
3) 2023ж. январь-апрель

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**<u>Өнөр жайы.</u>** Облус боюнча 2023-жылдын январь-май айларында 1983915,0 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 133,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 817943,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 41,2 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 682042,5 миң сомду же 34,4 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 429158,3 миң сомду же 21,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 54770,9 миң сомду же 2,8 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-май айларында 682042,5 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 130,6 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 310463,0 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 137,3 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Лейлек району 16131,0 тоннага, Сүлүктү шаары 8200,7 тоннага, Баткен району 809,0 тоннага, Кадамжай району 61235,3 тоннага көп казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 817943,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 138,4 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 314810,1 миң сомду (көлөмдүн 38,5 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 197624,3 миң сомду (көлөмдүн 24,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 11933,8 миң сомду (көлөмдүн 0,2 пайызын), химия өндүрүшү 106,0 миң сомду (көлөмдүн 0,01 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 128373,4 миң сомду (көлөмдүн 15,7 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 112124,0 миң сомду (13,7 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 73814,3 миң сомду (9,0 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 108,6 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 12,4 пайызга, жаны бышкан нан 6,1 пайызга, тазартылган күрүч 2,9 пайызга, кондитердик азыктар 16,8 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 8,4 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 23,7 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 1,8 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 2,6 пайызга, бут кийим 1,2 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 71,8 эсеге, эт азыктары 41,8 пайызга, сымап өндүрү 75,6 пайызга, балмуздак 18,3 пайызга, иштетилген сүт азыктары 9,1 пайызга, иштетилбеген мунайзат 2,2 пайызга, таш көмүр өндүрүү 37,3 пайызга, бышырылган керамика кирпичи 14,7 пайызга, бышырылбаган кермика кирпичи 2,3 эсеге, килемдер 2,3 пайызга өскөн. Ал эми эркектердин тигилүү кийими 13,2 пайызга аз өндүрүлдү.

*2023-жылдын январь-май айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 197624,3 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-май айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 2,7 эсеге өскөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-май айларында 112124,0 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-май айларына салыштырганда 110,5 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-май* айларында 429158,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 108,4 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 54770,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 113,5 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2023-жылдын январь-май айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 4202,5 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 94,4 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 9143,1 тонна эт, 30670,6 тонна сүт, 5230,3 миң даана жумуртка, 364,3 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 6,3, сүт өндүрүү 5,7, жумуртка өндүрүү 12,9, жүн өндүрүү 5,6 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен шаарында 1,5, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 0,5 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 14,2, Лейлек районунда 9,7 пайызга азайган. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 1,0, Баткен шаарында 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,1 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 17,2, Лейлек районунда 7,5, Сүлүктү шаарында 2,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Кадамжай району 0,2, Баткен шаары 0,9, Сүлүктү шаары 0,9 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району 41,5, Лейлек району 16,1, Кызыл-Кыя шаары 2,6,пайызга аз өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,1 пайызга, Сүлүктү шаарында 0,6 пайызга көп өндүрүлгөн. Лейлек районунда жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Ал эми Баткен районунда 29,2, Кызыл-Кыя шаарында 0,5 пайызга аз өндүрүлгөн.

Облус боюнча 2023-жылдын 1-июнуна карата жашылчалар Баткен районунда 0,6 тонна, Кадамжай районунда 22,7 тонна жана Баткен шаарында 1,0 тонна жыйналган. Мөмө-жемиштер Кадамжай районунда 2,0 тонна жана Баткен шаарында 15,0 тонна жыйналып алынды.

**<u>Капиталдык салым.</u>** 2023-жылдын январь-май айларында 979106,6 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2022-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 54,2 пайызга өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 34,9 пайызга, Кадамжай районунда 2,9 эсеге, Лейлек районунда 65,2 пайызга, Баткен шаарында 50,9 пайызга өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында 26,6 пайызга, Сүлүктү шаарында 51,1 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 70,1 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**<u>Турак жай.</u>** 2023-жылдын январь-май айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 37939,0 чарчы метр болгон 327 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 138,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 567817,1 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**<u>Транспорт жана байланыш.</u>** 2023-жылдын январь-май айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 530,5 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 101,8 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-май айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 4201,8 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 93739,8 миң жүргүнчү-км түздү (2022-жылдын январь –май айларына салыштырмалуу 101,7 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2023-жылдын январь-май айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***<u>Тейлөө рыногу.</u>*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-май айларында 9786377,2 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 8,2 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 9485204,4 миң сом болуп 8,8 пайызга өскөн.

***<u>Керектөө рыногу.</u>*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 7769868,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,8 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 4159673,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,0 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,5 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айларында 16750,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,3 пайызга өскөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-май айларында 3272246,6 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 15,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-май айларында 8381744,4 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,1 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында 1404632,8 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 7,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-июнуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 17423 адамды түздү, анын ичинен 13621 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 2 адам жумушсуздук боюнча пособия алды. Май айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 64 адам. Коомдук жумуштарга тартылгандар 147 адамды түздү. Облус боюнча 2023-жылдын апрель айында бир айлык орточо эмгек акы 25326,9 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 22,8 пайызга өскөн. 2023-жылдын январь-апрель айларында бир айлык орточо эмгек акы 24851,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 49,5 пайызга өскөн.

Эмгек акы апрель айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу Айыл чарба жана токой чарбасы, балыкчылык тармагында, тоокен казуу, өнөр жай, кайра иштетүү, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий , техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү, ал эми электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу тармагында 1,6 пайызга, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо тармагында 0,9 пайызга төмөндөгөнү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын апрель айында 289,5 долларды түздү.

2023-жылдын 1-майына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 17025,5 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 46,2 пайызга өскөн. Эмгек акыны төлөө карызынын 99,7 пайызын Кадамжай району жана 0,3 пайызын Сүлүктү шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 114,7 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 109,2 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 121,8 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2023-жылдын май айында өткөн жылдын май айына салыштырмалуу 110,1 пайызды түздү. Ал эми 2023 жылдын январь-май айлары өткөн жылдын январь-май айларына салыштырмалуу 110,4 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 113,3 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын май айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,9 пайызды түздү.

Ушул жылдын май айында өткөн айга салыштырмалуу койдун эти 0,7 пайызга, сүт азыктары 0,6 пайызга кымбаттаган. Ал эми жогорку сорттогу ун 1,7 пайызга, биринчи сорттогу ун 2,9 пайызга, жумуртка 2,3 пайызга, күн карама майы 3,2 пайызга төмөндөгөн. Нан, макарон азыктары, уйдун эти өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,1 | 107,9 | 100,9 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 98,9 |
| март | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 105,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 102,9 |
| апрель | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 95,0 | 94,9 |
| май | 98,3 | 97,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,7 | 100,6 | 97,7 | 96,8 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 0,1 пайызга, картошка 15,4 пайызга, сабиз 17,0 пайызга, алма 55,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми, кургатылган өрүк 1,7 пайызга төмөндөгөн, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 134,8 | 108,3 | 102,7 | 100,0 | 95,2 | 100,0 |
| февраль | 127,7 | 111,1 | 102,2 | 96,7 | 104,7 | 100,0 |
| март | 85,5 | 100,0 | 100,0 | 64,7 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 112,2 | 101,3 | 100,8 | 85,9 | 100,0 | 96,8 |
| май | 100,1 | 115,4 | 117,0 | 155,9 | 98,3 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын май айында өткөн апрель айына салыштырмалуу турак-жайларды күтүү үчүн материалдар 0,7 пайызга, катуу отун 19,6 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 0,4 пайызга, бензин 0,1 пайызга, үй-тиричилик буюмдары тиричилик техника 0,6 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 4,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми фармацевтикалык продукциялар 0,2 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинен кийим, кийим тигүү үчүн материалдар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2023ж. май 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-май 2022ж январь-майына карата | 2023ж. май 2023ж. апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 101,4 | 113,1 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,2 | 111,7 | 100,0 |
| Бут кийим | 100,2 | 112,5 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 103,5 | 116,4 | 101,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 104,1 | 100,0 |
| Катуу отун | 117,1 | 135,7 | 119,6 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 92,9 | 94,8 | 100,4 |
| Бензин | 92,8 | 91,6 | 100,7 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 105,1 | 115,6 | 100,6 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 107,6 | 115,7 | 99,8 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 131,4 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,1 | 113,5 | 104,4 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын май айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,2 пайызга, байланыш тейлөөсү 4,9 пайызга, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөрү 0,7 пайызга, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 0,6 пайызга өскөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2023ж. май 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-май 2022ж. январь-майына карата | 2023ж. май 2023ж. апрелине карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 98,6 | 102,1 | 100,2 |
| Байланыш тейлөөсү | 104,9 | 101,0 | 104,9 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,4 | 114,5 | 100,7 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 105,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 116,7 | 116,9 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 102,0 | 115,4 | 100,6 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 104,8 | 110,2 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

# МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 517,8 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 118,3 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 697,9 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 39,2 пайызга, ал эми чыгашалар 60,3 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-апрель айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-апрель айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 305,8 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 19,3 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 18,0 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 41,7 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 26,5 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 30,0 пайызга, жер салыгы 24,8 пайызга, жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 43,3 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-апрель айларында жалпы кирешенин 13,6 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-апрель айларында 12,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 77,3 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 28,5 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 21,3 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-апрель айларында 279,9 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 54,7 пайызга өскөн. Чыгашалардын 69,6 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 9,9 пайызы эс алуу, маданият жана дин, билим берүү жана социалдык коргоого тармагына жана 20,0 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

## Ишканалардын финансысы

Облус боюнча ишканалардын финансы көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы менен 2023-жылдын январь-март айларында 60803,8 миң сом эсебинде баланстык чыгаша аныкталды.

Баланстык киреше 2023-жылдын январь-март айларында Баткен шаары боюнча 4909,7 миң сомду, Кызыл-Кыя шаарында 57198,1 миң сомду, Сүлүктү шаары боюнча 19931,4 мин сомду жана Баткен району боюнча 324,1 миң сомду түздү. Ал эми калган бардык райондор чыгаша менен аяктады.

2023-жылдын январь-март айларында рентабелдүү ишканалардын саны 122, алардын кирешесинин көлөмү 97042,3 миң сомду түзүп, ишканалардын жалпы санына карата 24,2 пайызды түздү.

Баланстык чыгаша алган ишканалардын чыгаша суммасы Лейлек району боюнча 21592,5 миң сом жана Кадамжай району боюнча 121574,6 миң сомду түздү.

2023-жылдын январь-март айларында чыгаша менен чыккан ишканалар, бардык ишканалардын санына карата 15,3 пайызды түзүп, чыгашаларынын жалпы суммасы 157846,1 миң сомго жеткен.

Дебитордук карыздар 2023-жылдын январь-март айларында 9211301,2 миң сомго жетип, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 369014,0 миң сомду түздү. Дебитордук карыздардын жарымынан көбү өнөр-жай ишканаларына тийиштүү.

Кредитордук карыздар ушул мезгилге карата 3785035,5 миң сом өлчөмүндө аныкталып, анын ичинен мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 1271642,2 миң сомго жетти.

Отчеттук мезгилдин акырына даяр продукциялардын көлөмү 342323,6 миң сомду түздү.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Калктын оорuулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-май айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериалуу минингит оорусу менен 5 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу беш эсеге, ичегинин өткүр инфекциясы менен 470 оорулуу катталып 21,1 пайызга өскөн. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 16 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,8 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 239 оорулуу адам катталган, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 221 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 93,9 пайызга өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 13 оорулуу катталган, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 31,6 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 336 учур, бруцеллез ооруусу менен 20 учур катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,3 жана 5,3 пайызга өскөн. Ал эми аскаридоз менен 435 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,8 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 5 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 70,6 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 1 учур катталган. ВИЧ инфекциясы менен 15 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 36,4 пайызга өскөн. Ал эми котур оорусу менен 31 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 34,0 пайызга, гонорея ооруусу менен ооругандар 3 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 40,0 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 10114 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 32,9 пайызга өскөн жана кургак учук менен ооруган 112 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 9,8 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-апрель айларында облус боюнча 469 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,0 пайызга же 58 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; 1 адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо катталган. Ал эми ээнбаштык 26, уурулук 134, алдамчылык 111, бангизаттарга байланыштуу 15, кызматтык кылмыштар 23, экономика тармагында 21 кылмыш, 6 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-апрель айларында 345 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 2 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-48, мектеп окуучулары 28, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 3, эч жерде иштебеген жана окубагандар 224 түзөт. Ишкерлер, кызматкерлер катталган жок.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................………............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............ | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………… ………………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча мөмө-жемиштер жана жашылчаларды жыйноонун жүрүшү......................................... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….…………. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши................................................................................. | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Соoданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………....... | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары апрель...... | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары апрель.............. | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-апрель.. | |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу………………………………………………………………………….. | 30 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны............................................................................................. | 30 |
| | Финансы | |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………..... | 31 |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………........ | 32 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| | Ишканалардын финансысы | |
| 31 | Ишканалардын киреше жана чыгашалары.......................................................................................................... | 33 |
| 32 | Ишканалардын карыздары жана дая продукциялардын калдыктары........................................................ | 33 |
| | Социалдык сектор | |
| 33 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 34 |
| 34 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………………….. | 34 |
| 35 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………. | 35 |
| 36 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………………. | 35 |

## Реалдык сектор

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь- май айларында**

( миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1593841,0** | **1983915,0** | **133,9** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **567948,8** | **682042,5** | **130,6** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 365097,0 | 520807,3 | 137,3 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 199618,6 | 118755,0 | 102,2 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 3233,2 | 4858,7 | 150,0 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **580428,4** | **817943,3** | **138,4** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 271364,9 | 314810,1 | 108,6 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 270064,0 | 314170,1 | 108,6 |
| -тамеки өндүрүү | 1300,9 | 640,0 | 49,2 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 105755,7 | 197624,3 | 272,4 |
| -текстил өндүрүшү | 86076,2 | 175612,6 | 72,5 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 19474,6 | 21803,7 | 9,2 эсе |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 204,9 | 208,0 | 101,2 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 12220,9 | 11933,8 | 101,1 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 11833,4 | 11568,8 | 101,4 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 387,5 | 365,0 | 93,7 |
| 4. Химия өндүрүшү | - | 106,0 | - |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 100509,2 | 128373,4 | 106,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 42075,6 | 112124,0 | 110,5 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 55510,7 | 73814,3 | 106,4 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **372107,1** | **429158,3** | **108,4** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **73356,7** | **54770,9** | **113,5** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-май**

(миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **1593841,0** | **1983915,0** | **166,7** | **133,9** |
| Электр энергиясыз | 1221733,9 | 1554756,7 | 168,9 | 135,1 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 53021,7 | 59196,4 | 102,5 | 103,4 |
| Кадамжай | 378831,7 | 583123,3 | 176,2 | 125,2 |
| Лейлек | 275107,8 | 226346,4 | 105,6 | 117,1 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 417816,0 | 482214,0 | 104,5 | 107,4 |
| Электр энергиясыз | 45708,9 | 53055,7 | 105,9 | 104,4 |
| Кызыл-Кыя | 242490,1 | 333322,8 | 368,9 | 257,9 |
| Сүлүктү | 226573,7 | 299712,1 | 94,4 | 107,1 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2022 | 2023 | 2023ж. январь- май айлары 2022ж. январь-май айларына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-май | | |
| Таш көмүр | тонна | 226191,0 | 310463,0 | 137,3 |
| Бышырылган керамика кирпичи | мин даана | 2430,0 | 2787,1 | 114,7 |
| Бут кийим | жуп | 514 | 520 | 101,2 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 379,8 | 538,4 | 141,8 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | мин даана | 500,0 | 1163,5 | 2,3 эсе |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2457,6 | 2521,8 | 102,6 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 49,4 | 50,3 | 101,8 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 3684,1 | 3909,3 | 106,1 |
| Үй-эмеректери | мин сом | 39378,8 | 44263,5 | 112,4 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 175,6 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | мин $м^3$ | 2370,7 | 2933,0 | 123,7 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 466,0 | 479,3 | 102,9 |
| Кондитер азыктары | тонна | 214,1 | 250,0 | 116,8 |
| Килемдер | даана | 87 | 89 | 102,3 |
| Жашылча жемиштин шербети | мин литр | - | - | - |
